Кош чака кармап колуңа
Кечинде сууга келчи элең
Батынып жакын бара албай
Артыңдан карап калчу элем

Ак көйнөк кийсең жарашкан
Айылда сулуу кыз элен
Артындан эрчип кетти го
Алгачкы махабатым
Айдайым суйуу жазым
Балалык чагым сен белең

Көк моюн сулуу көгүчкөн
Көңүлдүн кушу сен белең
Көп балдар сага көз артса
Кызганып сени жүрчү элем

Көк көйнөк кийсең жарашкан
Койкойгон сулуу кыз элең
Коштошуп менден кетти го
Алгачкы махабатым
Айдайым сүйүү жазым
Балалык чагым сен белең

Ак жолук салып мойнуңа
Айдай бир келин болупсуң
Куш болуп менден башканын
Торуна барып конупсуң

Сурма бир коюп кашыңа
Суйкайган келин болупсуң
Башканын жары болсоң да
Балбылдап көзүң жайнап
Бардыгын көзүн булгап
Баары бир өзүң сулуусун

Сурма бир коюп кашыңа
Суйкайган келин болупсуң
Башканын жары болсоң да
Балбылдап көзүң жайнап
Бардыгын көзүн булгап
Баары бир өзүң сулуусун

Балбылдап көзүң жайнап
Бардыгын көзүн булгап
Баары бир өзүң сулуусун